

# КУЛУН МИША
## ЖАНА
# ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ
## ЖӨНҮНДӨ

РАДИЙ ПОГОДИН

# КУЛУН МИША
# жана
# ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ
# жөнүндө

*ЖОМОК*



Которгон *Э. Кылычев*

ФРУНЗЕ
«МЕКТЕП»
1984

Новгород шаарында бир кулун жашаган эле.

Кулун да шаарда жашамак беле, мисалга, Новгород областынын Коржи деген кыштагында деп айтаарыңды билип эле турам.

Аныңа да макулмун.

Ошентсе да Новгород шаарында бир кулуң бар болучу. Анын аты Миша эле. Алтын түстөнгөн жээрде кулун. Төшүндө агы бар, ак бакай эле. Жайында күн ысык болгондуктан Миша бантиги бар кыры чоң калпак кийип жүрчү.

Ошол эле Новгороддо Терентий деген чычкан жашоочу.

Терентий чоң энесинин энеси Агриппина тигип берген кызыл турсийчен чуркап жүрөөр эле. Турсийи шалбырап чоң болчу, анткени өсүп турган балага кең тиккен. Терентий ага башын катып жата калса, жолбун мышыктар аны байкабай деле кете беришмек. Бирок Терентий азырынча анте элек.

Дүйнөлүк адабиятта чычкандарды канчалык коркок кылып көрсөтүшкөн менен алардын арасында эр жүрөктүүлөрү да болоорун айтып коюу абзел.

Миша менен Терентий дос эле.

Кулундар да чычкандар менен достошмок беле, бирөөлөрү чоң, бирөөлөрү кичинекей болуп турса дээрсиң.

Аныңа да макулмун. Башка шаарларда ошондой.

Бирок Новгороддо ар кандай укмуштар боло берет.



# КУЛУН МИША
## жөнүндө



## МИША КАНТИП КОНФЕТ ТАРАТТЫ

Бир жолу Миша шаарда сейилдеп жүрдү. Жолуккандардын баары менен учурашып жатты. Кичинекей балдар менен кыздарга болсо конфет берди. Ал баштыгынан түрдүү-түрдүү кооз конфеттерди алып чыгып, сунуп жатты. Жылмайып:

— Жей кой,— деп да коёт.

Баары тең — балдар да, кыздар да, Мишанын өзү да кубанды. Баштыгында бир да конфет калбай калганда, Попугаев Вовка жетип келди. Катуу чуркап келгенге аябай энтигип, чачы саксайып кетиптир.

— Келе конфет,— деди Вовка.

Миша конфеттердин түгөнүп калганын билсе да, баштыгынын түбүн карап баш чайкады.

— Түгөнүп калдыбы,— деп кыйкырды Вовка.— Башкаларга бергенде түгөнбөгөн, мен келгенде түгөнүп калдыбы!

— Кечирип кой,— деди кулун.— Мен сага эмики жолу алып келип берейин.

— Эмики жолкуңдун кереги жок! Мен эмне, башкалардан кем бекем? Балким, алардан да жакшыдырмын! А сен... Попугаев Вовка эки жагын карады да, баары уксун деп атайы кыйкырды:— Сен жаман, түрү суук, шалпаң кулак, көк мээ эшексиң! Тарата албаган соң, таратпай эле койбойсуңбу.

— Мүмкүн,— деп Миша көңүлү чөгө сүйлөдү.— Мүмкүн жаңылгандырмын.

Эртеси Миша эң таттуу, эң кооз конфет сатып алды да, Попугаев Вовканыкына барып, эшигин тыкылдатты.

— Саламатпы, Вова. Мен сага конфет берейин деп келдим. Кооздугун карачы,— деди эшик ачылганда.

Вовка күлүп жиберди, кулунга ал өтө эле катуу каткырып жибергендей сезилди.

— Алып келген белегин кара! Конфет деген үйдө толуп жатат. Мен аларды карагым да келбейт.

Миша скверге келди да, көк отургучка отуруп, эмне үчүн түшүнүктүү эле нерселер түшүнүксүз болуп калаарын ойлоп башын катырды.

## МИША КАНТИП СУУГА ТҮШТҮ

Бир жолу Миша балкондо отурган. Үстүндөгү каалгыган булуттар эртең менен короодон чыгып жаткан койлордон бетер бирин-бири түрткүлөп, кайдадыр шашып алышкан. Эң чоң бир булут баарынан артта калып, эң эле жай сүзүп баратты. Бир аздан кийин Мишанын балконунун жанына келип, тап жылбай туруп калды.

— Кандай турасың, Миша? — деп сурады булут.

— Жакшы, азыр жуунганы барам.

— Барып эмне кыласың? Мага секир да жууна бер,— деди булут.

Миша булутка секирип, башы менен кирип кетти. Кайра чыкты эле, төбөсүндө нурларын чачыратып күн тийип турат, жан жактарынан жагымдуу салкын илеп келет. Кулун буттарын тыбырчылатып, сүзүп жүрөт.

— Кандай, жакшы бекен? — деп сурайт булут.

Төмөндө чоң-кичине дебей элдин баары чогулуп, чуулдашат:

— Карагыла, Миша жуунуп жатат.

— Жыргап атат...

— Жыргал...

Кулун ары сүздү, бери сүздү, бир кезде булут:

— Миша, ылдый түшөбүз. Сен белими аябай эзгилеп ийдиң, уча албай калдым. Азыр мен жерге жамгыр болуп жаайм,— деди.

— Мен дагы жаайымбы? — деп сурады коркуп кеткен Миша.— Этим ооруйт го. Өлүп калсамчы.

— Коркпо. Буттарыңды кыймылдатпай, кичине эс ал,— деди булут.— Мен азыр жайлуураак жер табайын.

Булут ылдыйлады. Дагы ылдыйлады. Анан көлгө жамгыр болуп жаап ийди.

Миша сезбей да калды. Үстүндө күн жаркырап тийип турат. Жан жагында мелтиреген тунук суу. Кулун буттарын тыбыратып, сүзүп баратып:

— Кайдасың булут? — деп сурады.

— Мен мындамын,— деди булут.— Кандайсың?

Бийик жээкте эл чогулуп, кубанычтуу чуулдашат:

— Карагыла, карагыла, Миша жуунуп жатат.

— Жыргап жатат...

— Жыргал...

## МИША ШААРДАН КАНТИП ЧЫГЫП КЕТТИ

Миша шаардан чыкты да, талаа менен чуркап баратып, дөңсөөнү көрдү.

«Кызык,— деп ойлоду Миша.— Ары жагында эмне бар болду экен?»

Дөңдү айланып өттү да, дагы бир дөңгө жолукту.

«Кызык,— деп ойлоду ал.— Ары жагында эмне бар болду экен?»

Ал дөңдү да айланып өтүп, дагы бир дөңсөөгө кезикти.

Миша аябай ойлонуп калды.

— Балким, дөңсөө, дөңсөөнүн ары жагында бирдеме болуш үчүн тургандыр.

Миша үйүнө келатып артына кайрылды да, дөңсөөнү көрдү.

Дөңсөө, дөңсөөнүн артында бирдеме болуш үчүн турган.

## МИШАНЫН КӨҢҮЛҮ ЭМНЕГЕ КАЛДЫ

Мишага тепкенге чыгырык беришти. Миша ага турду да, күтүп калды. Көпкө чейин турду. Ары-бери өткөндөр:

— Миша, эмне турасың? — деп сурашты.

— Жүрбөйт го,— деди аларга Миша.— Чыгырык болгону менен жүрбөйт го.

— Жүрбөйт,— деп түшүндүрүштү ага.— Бутуң менен жылдырбасаң жүрбөйт.

— Бутум менен жылдырмайын жүрбөсө ал эмне деген чыгырык? Бул жакшы эмес,— деди Миша.— Көңүлүм калды.

Көчөдөгү эл каткырып күлө башташты.

Көктө самолёт учуп бараткан.

— Мынакей самолёт,— деди аларга Миша.— Мунуку туура. Ага түшкөндө бутуң менен түртүүнүн кереги жок, самолёт өзү эле учат.

Миша чыгырыкты кайтарып берди да, мындай деп чечти:

— Мындан көрөк, өзүм эле чуркайм.

## МИША КАНТИП РЕКОРД КОЙДУ

Миша бир жолу дайра жээктей басып жүргөн. Чуркап да, гүл терип да баратты.

Бир кезде:

— Байка, мени тепсеп кетпе! — деген үнду укту.

Миша бут алдын карап, таш баканы көрду. Ал акырын жылып бараткандыктан Мишага зериккенсип сезилди.

— Эмне мынча жай жыласың? — деди Миша.— Кел, саа мен тез чуркаганды үйрөтөйүн. Кибиреп жылганда эчтекени көрбөйсүң.

— Жаңылышасың,— деди ага таш бака.— Катуу жүргөн сен эчтекени көрбөй каласың. Баары тең жылт этип артта кала берет. Мына сага гүл деген эмне? Сен үзгүлөп кете бере турган гана чөп. А чын-чынына келгенде гүлдүн ар бири өзүнчө эле бир шумдук.

Миша адептүү кулун болгондуктан жана жок эле дегенде андан жүз жаш улуу таш бака сыяктуулардын кебине кулак түрө билгендиктен, эми ал жерге үңүлүп, баарын тең көңүл коё карап кирди.

Айткандай, жөнөкөй эле коңгуроо гүлдөр да ар түркүн эле. Бирөө агышыраак болсо, экинчиси түр саймалуу. Алардын ар биринде турмуш кайнап жатты. Кибиреген чымын-чиркейлер, ары-бери жан талашкан коңуздар, орундарынан араң жылган курт-кумурскалар, чөптөрдүн ичиндеги жолдор кыйма-чийме...

Ушунун баарын тең Миша биринчи көргөндүктөн, сейилдегенди да, таскак салганды да, чуркаганды да унутуп койду. Ал баарын көрүш үчүн шашпай жай баратты.

Ошентип баратып ал ичи күүлдөгөн күмүш шарга кез болду.

«Эмне деген гүл болду экен?»— деп койду Миша, күмүш шарды мурду менен кыймылдатып.

Шардагы үн ошол замат катуулап чыкты да, Мишанын мурдуна Уулуу ийне келип сайылды.

Миша селт этип секирип кетти. Ал коркконунан безип жөнөдү. А Уулуу ийне болсо гүүлдөп андан калбады.

Кулун жанын таштап чуркап келе жатты. Бирок Уулуу ийне андан калбай жетип келип тызылдата жонго сайып кетти эле, Миша тим эле көккө атып чыкты. А жерге түшкөндө кыйкырыктарды, кол чабууларды укту.

— Азамат, Миша! — деп кыйкырып жатышты.— Дүйнөлүк рекорд койдуң. Жашасын Миша!

Миша өзүнүн стадиондо турганын, тегеректеген спортсмендер менен элди көрдү.

Мишага кызыл диплом, алтын медалдарын көтөрүшкөн судьялар чуркап келе жатышты.

— Ыракмат, Миша,— дешти алар.— Сен биздин шаарга атак-даңк алып келдиң. Бул бир шумдуктай секирүү болду. Сенин күчтүү, сонун буттарыңа даңк!

— Жок! — деди Миша.— Кибиреп жай жылган таш бакага даңк!

Стадиондогулардын баары тең муну тамаша катары кабыл алышты. Кээде чемпиондор да киши түшүнгүстөй тамаша кыла тургандыктары белгилүү го.

## ВОВКА ПОПУГАЕВ ӨЗҮН КАНТИП БОЁП АЛДЫ

Вовканын апасы бир куту боёк сатып келип, Вовкага белек кылды. Вовка дароо эле скверге чуркап барып, кайыңдарды сырдап кирди. Бирөөн жашыл менен боёду эле, анысы жез болуп калды. Экинчисин кара кылып боёду эле, анысы темир болуп калды. Үчүнчүсүн көк түс менен боёсо, анысы алюминий болуп калды.

— Вова, кайыңдардын өңүн эмне үчүн бузуп жатасың? — деди Миша басып келип.

— Бузган жерим жок, кайра боёп жатам. Кайыңдардын канчасынын ак экенин көрүп турасыңбы. Үч миң. Бир да алтын түстүүсү жок. Азыр мен сары менен боёсом алтын болуп калат. Көгүш менен боёсом күмүш болуп калат.

Бадалдардын арасынан аларга тааныш эмес чаарала мышык секирип чыгып:

— Тийбе! Жаратылышты коргоо керек,— деп кыйкырды.

— Аёо керек,— деп кошумчалады ал жерге учуп келген карга.

— Кор-р-ргоо да керек,— деп ырылдады кайдан-жайдан жетип келген ит.— Боёгонуңду токтотпосоң азыр сени каап алам.

Попугаев Вовка апасына арызданууга чуркап жөнөдү. Корккондунан жерге түшүрүп жиберген боёкторуна чалынып жыгылды. Попугаев Вовка ордунан момундай болуп ыргып турду: мурду жашыл. Чачы кызыл. Буттары көгүш. Колдору көк. Курсагы сары. Калгандарын айрып таанууга да мүмкүн эмес.

Вовка: «Мен силерге көрсөтөм! Шашпагыла, силерди бийлетпесем» деп кыйкыргысы келди. Бирок:

— Ой, Вова кандай...— дегенге гана жарады.

## МИША ЭМНЕ ҮЧҮН ӨКҮНДҮ

Фамилиясынын жоктугу Мишаны аябай өкүнттү. Миша — болгону ушул. Мунун өзүнчө сыры болуш керек.

Бир күнү Миша милиционер жолдош Марусинге басып келип сурады:

— Айтыңызчы, фамилияңызды Марусин деп ким койгон?

Милиционер шапкесин оңдоп күлүп койду.

— Ким коймок эле? Менин Маруся деген кызым бар. Демек мен кимдикимин?

— Марусянын,— деп таба койду Миша.— Марусянын папасы болосуз.

— Так ошондой.— Милиционер жолдош Марусин кулунга честь берди да, кызы Марусяга жаңы куурчак сатып алууга жөнөп кетти.

Кулундун ичи күйүп кетти. Новгород шаарында ал жападан жалгыз болчу. Эми фамилияны кайдан алмак? Жанынан өтүп бараткан шофёр колун булгалап:

— Кайгырба, Миша, көргөнүңдөн көрө элегиң көп,— деп кыйкырды.

## МИША КАНТИП МИША РЕЧКИН БОЛУП КАЛДЫ

Миша арыктап кетти. Ойлонуп жатып эле арыктап кетти. Үйдө жүрсө да, көчөдө жүрсө да фамилиялуу болуш үчүн кимдики боло тургандыгын ойлонду.

Попугаев Вовка ага шылдыңдай түшүндүрдү:

— Анда эмнеге башыңды саласың? Сөзсүз эле бирөөнүкү болуш керек бекен, өңү-түскө караса деле боло берет. Мисалы, мен Попугаевмин, анткени мен баарын тең коркутам. Менин ырайым өтө эле суук. А сен болсо жээрдесиң. Ошон үчүн сенин фамилияң Миша Рыжий болсун.

Бирок Мишага мындай фамилия жаккан жок. «Бирөөнүкү болгон жакшыраак»— деп ойлоду ал.

Попугаев Вовка болсо өзүнүкүн божурай берди:

— Башкача болсо деле болот. Кылган ишиң боюнча да болот. Мисалга, Кузнецов, же Моряков. Мен чоңойгондо Моряков боломун, же Летчиков болом.— Вовка самолетчосунан күрүлдөп сквердеги бадалдарды аралай чуркады да, аны шыпыргысы менен күтүп турган короо шыпырган жеңеге — Анфисага барып бир тийди.

«Иштеген ишиң боюнча койгон да жакшы,— деп ойлоду Миша.— Бирок менин колумдан эчтеке келбейт да... Эмнеси болсо да бирөөнүкү болгонго жетпейт. Темир уста деле бирөөнүкү болуш керек. Мисалга, темир уста Антошкин, же моряк Васин...»

Миша ушинтип ойлонуп, кимдики болууну издеп эки жагын карай берди. Ошентип жүрүп олтуруп ал шаардын сыртындагы талаалар менен шалбааларды аралап аккан кичинекей өзөнгө кез болду. Ал акырын агып, тим эле күн нурларына киринип, Мишага жылмайып койгонсуду. А балким чындап эле жылмайгандыр.

— Саламатсыз,— деди Миша.— Атыңыз ким?

— Жөн эле дайрамын,— деп жооп берди ал...— Атым жок.

— А менин фамилиям жок,— деп даттанды Миша.— Мен да жөн эле Мишамын.

Экөө тең унчукпай калышты. Дайра Мишаны көгүлтүр көздөрү менен нурлана карап турду. Мишага анын жанында туруш ушунчалык жагып калды, анан ал күтпөгөн жерден:

— Менин сиздики болушумду каалайсызбы? Мен Миша Речкин болоюн,— деди.

— Каалайм,— деди өзөн. Анан күлүп жиберди:— А мен сеники болом. Менин да атым болот. Мишанын дайрасы.

Экөө тең кубанып, көңүлдүү болуп калышты.

Анан Миша шаарга тыз койду. Милиционер жолдош Марусинге жетип келди да:

— Мен Миша Речкинмин! Эми дайранын да өз аты бар. Эми ал Мишанын дайрасы,— деп кыйкырды.

Милиционер жолдош Марусин дубалда илинип турган өзүнүн районунун картасына басып келип:

— Кайсы дайра, көрсөтчү,— деди.

Миша өзүнүн дайрасын таба албай бир топко издеди, картада баары башкача болот эмеспи. Акырында көрсөтүп айтты:

— Мынакей! Кичинекей-кичинекей...

Милиционер жолдош Марусин кызыл карандаш менен «Мишанын дайрасы» деп жазып койду.

Дайра ошондон бери ошентип аталып калды. Балдар да, бакалар да, таранчылар да: «Мишанын дайрасына кеттик...» деп келишет.

Эми Мишанын фамилиясы бар.



# ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ
## жөнүндө



# ТЕРЕНТИЙ ЧЫГА ТУРГАН ЖОЛДУ КАНТИП ТААП АЛДЫ

Чычкан Терентий жетим болучу. Чоң энесин мышык жеп алган, апасын үкү илип кеткен. Атасы быштак алып келүүгө кетип, ошол бойдон жок. Терентийдин жападан жалгыз каранып-карманаары — чоң энесинин энеси Агриппина эне Новгород сепилинин дубалдарындагы ийиндерди, таштан жасалган жер төлөлөрдү, аябай терең кудуктарды жана дагы толуп жаткан жашыруун нерселердин баарын жакшы биле турган. Жогорку жакка алып чыгуучу тешиктер менен дубалдын жаранкаларынын баарына бор менен белги коюп койгон. Мунусу Терентийге ал жерден чыгууга уруксат жок дегени эле.

Бирок үстү жакта эмнелер бар экенин кимдин гана көргүсү келбейт.

Терентий ушул суроону жолуккандардын баарына берчү, жада калса жөргөмүш менен кырк аяктардан да сурачу. Коркок кырк аяктар качып кетишчү. Чычкандар болсо тайсалдап жооп берише турган. Жөргөмүштөрчү! Алар оң жооп берүүнүн ордуна күш-быш этип күңкүлдөшчү, жада калса онтоп, бышкырып кете беришчү.

Бир торсойгон жөргөмүш чычканга далысын салды да, ошо боюнча а дебей, бу дебей дубалга житип кетти.

Чычкан аябай таң калды. Ал чедирейген жөргөмүштөрдүн ичке тор менен жүгүрүп жүрөөрүн билчү, бирок адепсиздик кылып житип кете бергенин биринчи көрүп отурушу.

Чычкан жөргөмүш кирип кеткен жерге мурдун салып көрдү. Мурду да көрүнбөй калды. Эми чычкан ал жерге башын салды.

— Аа,— деди ал.— Көрсө бул жылчык турбайбы! Муну кызы Агриппина чоң эне билбесе керек. Болбосо белги уруп коёт эле.

Эми Терентий токтолбостон алдыга карай жөнөй берди. Алды жактан кандайдыр бир башка жыт ургандыктан мурду кычышып кетти.

Жылчык бурулду да, жарыктын шооласы көрүндү. Ошол шооланын жарыгында баягы сапсайган чоң жөргөмүш кетип бараткан. Ал баягыдан да зор болуп көрүндү.

Шоола улам чоңоё берди, а жөргөмүш болсо улам кичирейип баратты.

Акырында шоола көз уялткан жарыкка айланып, баягы саксайган чоң жөргөмүш болсо кадимки эле кичинекей курт-кумурсканын бири болуп калды.

Аздан кийин ал такыр эле жок болуп кетти.

Анткени Терентий бир эле мезгилде булуту жок чайыттай ачык көк асманды да, көпкөк дайраны да, эшилип жаткан сары кумду да, көк чөптөрдү да, анан сепилдин күрөң-кызыл дубалдарын да көрдү.

Ушулардын баарын чогуу көргөн киши сөзсүз сүрөтчү болоору бышык.

—Эмне деген кооздук! — деп күбүрөдү Терентий.— Айтууга сөз жетпейт.

Алыс эмес жерде төө жалбырактын алдында олтурган даанышман Агриппина кемпир небересин карап койду да, көзүн жоолугу менен сүртүп:

— Билгем. Жол таап чыгаарын билгем,— деди өзүнчө сүйлөп.

# ТЕРЕНТИЙ ПОПУГАЕВ ВОВКА МЕНЕН КАНТИП ТААНЫШТЫ

—Көзүңдү эмнеге жүлжүйтөсүң? — деп сурады Попугаев Вовка. Терентий бери бурулду, бирок анын көз алдында булуту жок көк асман, көпкөк дайра, сары кум, көк чөптөр жана сепилдин күрөң-кызыл дубалдары турду.

— Шумдук! — деди Терентий.

— Кана? — Вовка эки жагын карады. Балким шылдыңдап жатышкандыр деп муштумун түйдү. Анан:

— Ии! Кызыл турсийди кийип алып мактанып жаткан турбайсыңбы. Менде андай кызыл турсийлердин бешөө сандыкта жатат,— деди.

— Аа-а,— деди Терентий,— алар оюма да келген жок. Эгер сүрөт тартканды билсемчи! Көк асманды, көпкөк дайраны, сары кумду жана күрөң-кызыл сепилди мунаралары менен тартаар элем.

— Ошо да кеппи. Беш мүнөттө эле тартып коюуга болот,— деди Попугаев Вовка.

Терентий шашып калды. Турсийин ээгине чейин көтөрдү.—Дал өзүндөйбү?

— Андан да сонун.— Попугаев Вовка курсагын аябай көптүрүп койду.— Мен жүз сүрөт тартып койдум. Келип көрсөң болот.

Терентий сүйүнүп кетти. Вовканы үч ирет алкап ийди. Вовканын турган жерин да сурап алды.

— Келем. Сөзсүз келем...

Анан мунаралардын үстүндөгү көктү карай баштады. Байыркы мунаралар менменсине көккө сайылышат. Көпкөк дайра ийрелеңдеп ылдый агып жатат. Эшилген сары кум дайрага кошулуп, тереңге кирип жок болот.

— Бул бир караганда гана өз-өз ордунда тургансып сезилет. А чынында баары тең учуп жүрөт,— деп күбүрөдү Терентий.

— Кибиреген байкушум,— деп үшкүрүндү төө жалбырактын көлөкөсүндө олтурган Агриппина чоң эне.— Жер учуп баратканын билбейт... Жашоосу оор болорун билип турам.

## ТЕРЕНТИЙ БАШ АЙЛАНА ТУРГАН БИЙИКТИККЕ КАНТИП ЧЫКТЫ

Эртеси күнү Терентий чачын тарап, жуунду, кайрадан чачын тарады, укмуштай сонун жүз сүрөттү көрүш оңой иш бекен. Чоң энеси Агриппинаны турсийин үтүктөп берүүсүн сурапды. Анан Попугаев Вовкага жөнөдү.

Попугаев Вовка эшигин ачканда Терентий бутун килемчеге сүртүп, анан учурашты.

— Иштериң кандай? — деди Вовка.— Кел, сени бильярддан утуп ала коёюн.

— Мүмкүн болсо... Мен сүрөттөрдү көрөйүн дедим эле...— деди Терентий ыңгайсыздана.

Попугаев Вовка кежигесин тырмагылап турду да, дивандын алдына сойлоп кирип, альбом алып чыкты.

Чычкан альбомду ача элек жатып сонун сүрөттөрдү көрөм го деп ойлоду. Бирок...

Альбомдун барактары жабышып калыптыр. Ал крем, бүлдүркөндөн жасалган варенье, быштак жыттанат. Терентий эптеп жатып альбомдун бир жеринин барактарын ажыратты эле: мурундары кызыл, чоң кулактуу, көздөрү өчкөн боксёрлордун тобу көрүндү. Алардын майкаларына «Лимон» деген конфеттин кагаздары чапталыптыр Терентий Вовкага элеңдей карады да:

— Мен кетейин...— деди.

— Кайда?! Конокто отурганда баарын тең мактап олтурушуң керек. Күлүп да...— Попугаев Вовка тим эле ушундай күлдү дейсиң, чычкан ошол замат үйдөн атып чыкты.

Терентий көчө менен тызылдап баратты.

Попугаев Вовка анын артынан чуркап келатты.

— Мейманчылаганды билбегенден кийин барбоо керек! Адепсиз.

Сепилдин дубалына жакын эле калды.

Терентий эң бийик мунаранын эшигине култ этип кире качты да, таш тепкичтер менен улам жогору карай безип жөнөдү.

Бийик мунаранын чатырынын үстүндө чатырлуу караол-там бар болчу. Андан ары эчтеке жок болчу. Жезден жасалган желек кыйчылдап сайылып турган темир найза гана бар эле.

Чычкан темир найзага жөлөнө калып, көзүн бир саамга жумуп ийди. Анан кайра ачып: көк асманды, көпкөк дайраны, сары кумду, көк чөптөрдү, сепилдин күрөң-кызыл дубалдарын көрдү. Новгород шаарын алаканга салгандай көрүп турду. Шаардын чеке-бели да көрүнүп турду. Анан ушунун баары акырын тебилген селкинчекке окшоп жай айланып кетти.

Терентий катуу күрсүнүп ийди.

— Кандай баш айланткан бийиктик...

Төмөн жакта көрүнөөр-көрүнбөс болуп Попугаев Вовка турган. Ал муштумун көрсөтүп, бирдеме деп кыйкырып жатты.

Баш айлантаар бийиктиктен ал Терентийге акылсыз болуп көрүндү, Терентий андан эч коркуп койгон жок.

## ТЕРЕНТИЙ БЫЛК ЭТПЕЙ КАНТИП ОТУРДУ

Терентий төрт тарабында төрт терезеси бар караол-тамга кирип жайгашты.

— Сүрөт тартканга ал жер абдан ыңгайлуу экен, баары тең айланып да, учуп да турат экен,— деп түшүндүрдү ал чоң энеси Агриппинага.

Чоң энеси Агриппина көз айнегинин алдындагы көздөрүн аарчыды.

— Чычканчам, канчалык бийикке чыкса, ошончолук бийиктен учуп түшөт.— Ошенткени менен ал сүрөт тартууга керек нерселердин баарын, жада калса чаарала моюн орогуч да сатып берди. Анткени ал тиги баш айланткан бийикте дайыма улуп-уңшуп шамал болуп турат деп ойлогон.

Бир күнү ал демейдегисиндей эле сепилдин жанындагы төө жалбырактын түбүнө олтуруп алып, жогору карап, үшкүрүнүп коюп олтурганда ага милиционер жолдош Марусин басып келди.

— Кечирип коюңуз, эмне, бир кырсык болдубу? — Карыган кемпирдин минтип оор үшкүрүнүп олтурганын көргөн милиционер жолдош Марусин унчукпай өтүп кетиши мүмкүн эмес эле.

— Мойнуң үзүлгөнчө чөбүрөңдү карап олтурсаң үшкүрүнбөй койгонуңду көрөр элем,— деп түшүндүрдү ага Агриппина.— Ага жакшылап кеңеш берсем деп ойлоймун, бирок өйдө-ылдый чыгып барып келиш үчүн же жаш болушуң керек, же канатың болуп учуп жүрүшүң керек.

Милиционер жолдош Марусин турнабайы менен эң бийик мунаранын чокусун карады, аякта Терентий актай баракты тиктеп, былк этпей олтурган.

— Азырынча ага эч кандай кеңештин кереги жок.

— Ал бир топ күндөн бери ушинтип олтурат. Мунусу ден соолугуна зыян келбес бекен?

— Кичине чыдай туралык,— деди милиционер жолдош Марусин Агриппинага честь берип. Анан толкундун шарпылдаганын, кайыктардын калактарынын кыйчылдаганын угуш үчүн дайранын жээгин карай басты.

## ТЕРЕНТИЙ УЧУП ЖҮРГӨНДӨРДҮН БААРЫН КАНТИП ТАРТТЫ

Терентий мойнун чаарала моюн орогучу менен ороду да, учуп жүргөндөрдүн баарын тартып кирди.

Учуп жүргөн кайыңды тартты эле, түбүнөн кыркылган кайың болуп калды.

Учуп жүргөн үйдү тартты эле пайдубалы жок үй болуп калды. Эл үйгө кире албай, албетте аябай капа болушту.

Попугаев Вовканын учуп жүргөнүн тартты эле, ал кулай баштаган Вовка болуп калды. Ал кулап да, чычканды коркутуп да баратты.

Чычкан алыстагы Ильмень көлүн көрдү.

Учуп бараткан көлдү тартты эле жааган жаан болуп калды.

Чычкан ошол тарткан төрт сүрөттү тытып салды да, парктагы таштанды салынган челекке алып барып таштады.

Үйүнө келип моюн орогучун чечти да, мыкка илип койду. Учуп жүргөндөрдү тартып жатканда боёк таамп калган полду жууп-тазалады. Дубалга актай кагазды кнопка менен бекитти да, кагаздын маңдайындагы отургучка келип олтурду.

Жүрөгү даабай турду. Шашкалактаган кисти менен чийип алсаң — апакай таза барак бузулуп калат.

Чычканга ал олтурган баш айланаарлык бийикте таза абанын көптүгүнө карабастан жүрөгү сайгылашып, деми кыстыккансып сезилип кетти.

Чычкан актай барактын алдында бир топ күн олтурду.

Бир жолу терезесине чарчап-чаалыккан карга келип конду. Ал картаң эле. Чачы агарып калган десе да болот. Демин жыйып болуп:

— Чайыттай ачык асманды тартсаң болмок экен. Жөн эле көпкөк асманды,— деди.

— Жакшы ой экен,— деди чычкан ага кошулуп. Карга болсо учуп кетти.

## ТЕРЕНТИЙ КАНТИП КӨК БОЛУП КАЛДЫ

Чайыттай ачык асманды таптаза боёктор жана мөлтүрөгөн тунук суу менен тартуу керек.

Терентий боёкторун, кистилерин аябай дыкаттык менен жууп-тазалады. Анан мөлтүрөгөн көк кашка суу алып келди да сүрөт тартып кирди.

Сүрөтүн тартып болуп, аны карамакка артка чегинди эле, ал көк асманды көрүп тургандай болду.

— Же менин көзүм жакшы көрбөй турат,— деп ишене бербеди чычкан,— же кистим менен кагазды айра сайып алдымбы?

Ушул маалда сүрөтүнө жан кирди да кнопкалардан бошонуп чыгып, терезени көздөй учуп жөнөдү.

— Каякка? — деп кыйкырып, анан сүрөттү четинен кармай калды чычкан.

Бирок кагаз өзүндөй болуп көгөргөн кирсиз ачык асманга ушунчалык катуу көтөрүлгөндүктөн, чычкан экөө тең терезенден атып чыгышты.

Учуп келген таранчылар:

— Карагыла!

— Чычкан асмандын бир четин айрып алыптыр!

— Кармагыла! — деп чуулдап жатышты.

Кооз шаар Новгород, анын чет жакалары да аябай эле төмөн калган.

«Эгер мен биротоло учуп кетсем, анда көпкөк дайраны, сары кумду, көк чөптөрдү, сепилдин күрөң-кызыл дубалдарын такыр тарта албай калам...»

— Ах! — Терентий сүрөттү коё берип, төмөн карай учуп жөнөдү.

Ала салып учуп баратты.

Чычканга куйруктун кереги эмне дээрсиңер?

Мына ушундай учурда куйрук мурундун учун чапкылайт. Ошондо чычкан улам-улам чүчкүрүп, эсине келип турат.

Терентий чүчкүрүнүп эсине келди да жүндөрүн үрпөйтүп, буттарын жайып жиберди эле — төмөн түшүүшү аз да болсо жайлап калды.

— Дайраны көздөй бурул! — дешип таранчылар чуу түшүп жатышты.— Куйругуң менен бур.

Терентий суудан шөмтүрөп чыгып, күбүнүп-кагынганда эмне үчүн жолбун мышыктардын аны карап алып:

— Фу! Жегенден жүрөгүң айланат! — деп жаткандарына эч түшүнгөн жок.

Акыры ал өзүн сууга түшүп жүрүшкөн, туристтер таштап кеткен тегерек күзгүдөн көрдү.

Көрүп алып жүрөгү түшүп калды.

Эми ал көк болуп калыптыр.

Терентий аябай убайым жеп; самын, шампунь, кир жууй турган порошок алып келүү үчүн чуркамакчы болду.

Бирок ойлонуп туруп:

— Балким, бир аз мезгилден кийин өзү эле кетээр...— деп ал оюнан айнып калды.

## ТЕРЕНТИЙ КАНТИП ДОС КҮТТҮ

Терентий мунарадагы үйүнө карай шашып бараткан. Сепилдин дубалынан бурула берип:

— Ой! — деп чочуп кетти. Алдында кулун Миша турган.

Миша да:

— Ой! — деп чочуп кетти. Анткени анын алдында түшүндө да көрбөгөн бир чычкан турган.

— Сен алтындай жылтылдап, сулуу экенсиң,— деди Терентий.

— Сен көпкөк болуп сулуу экенсиң,— деди кулун Миша.

— Көрдүм! Мен азыр баарын тең көрдүм! — деп кыйкырды Терентий.— Түшүндүм... Тезирээк. Мени менен жүр.— Алар чуркап жөнөштү. Бир мезгилде Терентий токтой калды.

— Жок. Андан көрө сен мени ушул жерден күтүп тур. Таарынба. Мобул жерде, макулбу.— Терентий кулунду көк чөптөр көйкөлүп, сары кум эшилип жаткан сепилдин дубалынын жанына ээрчитип барды да, баягы сөзүн кайталап:— Таарынбай туруп турсаң, макулбу?

— Макул,— деди Миша.— Мен сени менен достошкум келип турат.

— Менин да! — деп кыйкырып жиберди Терентий. Ал эң бийик мунаранын тепкичтери менен, сүрөтчүгө керек буюмдары менен чаарала моюн орогуч бар кароолтамды карай тызылдап бараткан.

— Сен кандай ойлойсуң, эми дурустап тарта алаар бекен? — деп сурады Агриппина. Ал төө жалбырактардын көлөкөсүндөгү дөбөдө небересине жылуу чыптама согуп олтурган.

— Мен эмне тууралуу айтып жатканыңызды түшүнбөдүм? — деди Миша.

А милиционер жолдош Марусин арттан келип турнабайы менен мунаранын башын карап туруп айтты:

— Шашпай бир аз чыдагыла...

Терентий сүрөт тартып жаткан.

Сепилдин күрөң-кызыл байыркы мунаралары көктө каалгып, эшилген сары кум көпкөк дайра менен кошулуп, тереңге кирип кетип жатты. Салмак менен айланган селкинчектерге окшоп көк чөптөр жай тегеренет. Анткени сепилдин дубалынын жанында куйрук-жалы алтындай жалт-жулт этип, табиятты түр-түскө кубултуп Миша турган.

Терентий дос тапканы да ага кошумча болуп жатты.



# КУЛУН МИША
жана
# ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ
жөнүндө



## МИША МЕНЕН ТЕРЕНТИЙ БИРИ-БИРИН КАНТИП МАКТАШТЫ

— Эмнеге мынчалык ойлонуп калдың? — деп сурады Терентий Мишадан.

— Мен достук жөнүндө ойлонуп жатам.

— Анын эмнесин ойлойсуң? Баары тең өз жайында го.

— Ошол жөнүндө ойлонуп жатпаймынбы... Эгер менден: «Досуң ким?»— деп сурашса, чычкан Терентий деп жооп берем. Анан ал художник деп сыймык менен кошумчалайм. А сенден досуң ким деп сурашсачы?

— Кулун Миша деп айтам.

— А сен сыймык менен эмне деп кошумчалайсың?

— Достукка анын кандай тиешеси бар?

— Сен кечээ эмне болгонун билбейсиң да. Мен кечээ ыр ойлоп таптым... Эгер жаман болсо, жашырбай чыныңды айт. Анда экинчи ыр жазбайм...

Миша эриндерин кыбыратып, уялыңкы окуй баштады.

Түн кире түштү жөө туман,
Таң атып гүлдөр ачылган.
Күн бою чымчык безилдейт,
Ширенке жанып кечинде.
Алоолоп түндө чыкты өрт,
Ачылбай калды гүлдөр көп.

Миша ырдын акыркы сабын шыбырап араң эле окуду да, эмне деген сөз угаар экенмин деп тескери бурулган тейинче тым болуп калды.

А Терентий болсо турсийин өйдө көтөрдү да:

— Мактоого сөз жетпейт! Эми менден «Досуң ким?» деп сурашса кулун Миша деп айтам. Анан сыймык менен: ал акын деп кошумчалайм... Эгер бири-бирибиз менен анча-мынча мактанып койсок, андан эмне болмок эле.

## МИША МЕНЕН ТЕРЕНТИЙ ДАРБАЗАНЫН ЖАНЫНАН КАНТИП ЖОЛУГУШТУ

Миша ыр ойлонуп Мишанын дайрасынын жээги менен келатты.

Өсөт гүлдөр өзөн жээгинде...

Мишанын дайрасы таштан-ташка урунуп, Мишаны шылдыңгансып агып жатты.

Бирок ал ага таарынган жок.

Бир маалда Миша талаанын ортосунда турган дарбазаны көрдү. Дарабазада дат баскан кулпу илинип турат.

Эмне болгон дарбаза?

Ары жагында эмне бар?

Миша кулпуну ачып, дарбазанын ары жагын карап көрмөй болду.

Дарбазаны ачып кирди эле, ал жерде деле сырттагыдай көк чөп. Терентий да сүрөт тарта турган блокнотун алып ошол жерде турат.

— Кайдан жүрөсүң? — деп сурады Миша.

— Ушуяктан эле... Карасам эле дарбаза турат... А сен каяктан?

— Мен да ушуяктан... Карасам эле дарбаза турат...

Экөө кошулуп жан-жактарын карап көрүштү эле, ушул дарбазадан ары кенен да эмес, ичке да эмес, эч ким баспаган жалгыз кишиге коркунучтуу чыйыр жол кетет экен.

Миша менен Терентий кол кармашып жанаша калышты да:

— Экөөбүз...

— Экөөбүз...— дешти.

Анан баягы жол менен жөнөштү.

Ошол замат бир укмуш окуя болоорун сезишти.

Анысы көп өтпөй чындыкка айланды.

## МИША МЕНЕН ТЕРЕНТИЙ КАРАКЧЫЛАРДЫ КАНТИП КӨРҮШТҮ

Миша көптөгөн туристтер байыркы эстеликтердин улам бирин жүгүрүп көрүп жүргөн сепилдин ичинде ойноп жүргөн, күтпөгөн жерден эле чоң-кичине эки каракчыны көрдү. Алардын чөнтөктөрү тултуйган, кара көз айнек кийип алышкан, буттарында адам угуп-көрбөгөн кепич. Алар улам-улам эки жагын каранышып, кадимки каракчыларча — киши түшүнбөс тил менен сүйлөшүп жатышты.

— Тигил бурчта! Торчок! Каракачумба.

— Үч жүз бифштекс!

Каракчылар сепилдин алыскы бурчун көздөй бет алышты. Миша алардын артынан шыбыш билдирбей ээрчип алды. Каракчылар токтоп калганда Миша сирендин жалбырагын үзгүлөп, аларды көрмөксөн болуп калды. Каракчылар чөптүн арасынан анча чоң эмес таш таап алышты. Жашы улуураак каракчы болсо бир эски чиймени улам-улам карап жатты.

— Ушул жерде,— деди ал.— Мобунун алдында. Бүгүн көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Күтүүгө убакыт жок. Туман каптап келатат. Тараканчук! Чистоган!.. Мобул кулун бизди аңдып жүргөн жокпу, ыя?

— Жок. Ал эмнени түшүнмөк эле. Жалбырак жеп жатпайбы. Эмне болсо да биз археологбуз деп коёлук.

Карақчылар:

— Биз археологбуз,— деп Мишага айтышты да, туристтердин арасына кирип жок болушту.

Миша ак ташка кызыгып басып келди да анын үстүндө олтурган Терентийди көрдү.

— Айтууга сөз жетпейт! — деди чычкан.— Қыскасы, чынын айтсак — бул кенч!

— Азыр казабызбы? — деп сурады Миша.

Терентий кенчти караңгы түшкөндө гана казууга боло тургандыгын түшүндүрдү. Күндүз илимий иштер гана жүргүзүлөт, ал болсо такыр башка иш.

— Қаракчылардан бир саат мурун, жыйырма үч нөл-нөлдө казабыз.

— Қойсоңчу! Алар кетип калышпайбы! Кенчти бирөөлөрдүн казып алганын көрүшөт да, белгисиз жакка житип кетишет. Аларды кармоо керек!

— Аны ойлобопмун. Азыр ойлоноюнчу.— Терентий кызыл турсийин ээгине чейин көтөрдү да, өчүргүчтү тиштегилеп ойлоно баштады.

— Даяр! План даяр болду.— Терентий өз планын шыбырап айтып берди да анан:— План боюнча ушул жерден кездешебиз! — деп буйрук берди. Анан алар дабыш чыгарбай, бутунун башы менен басып тарап кетишти...

## МИША МЕНЕН ТЕРЕНТИЙ ҚАНТИП УКТАБАЙ ОЛТУРУШТУ

Күүгүм кирип, көз байланганда Миша менен Терентий сепилге келишти. Чоподон жасалган карапа, күрөк, мээлей ала келишти. Мээлейсиз күрөк кармаган кол сөзсүз чор болуп калат.

Ага кошумча чоң кызыл кистини да ала келишти.

Таштан берирээк чуңкур казышты. Терентий карапанын ичине түштү. Миша болсо карапаны эски чүпүрөк

менен байлап чуңкурдун ичине салып, кайра көөмп, үстүн таш менен бастырып койду.

Анан өздөрү түзгөн план боюнча күтө баштады. Карапанын ичинде күтүп олтуруу Терентийге кыйын эле болсо керек деп ойлоду ал. Аба да жетишпей жатса керек.

Бирок көпкө деле күткөн жок.

Түн жарымы болоор менен каракчылар сепилдин алыскы бурчуна дабыш чыгарбай уурданып жетип келишти. Тултуйган чөнтөктөрүнөн бүктөмө күрөктөрүн алып чыгышып, тез-тез каза баштаашты.

Карапаны таап алышып, бүктөмө макилерин сууруп чыгышты. Чүпүрөктү жара кесип жиберишип, ошол замат экөө тең каракчы тумшуктарын карапага салышты.

Кызыктын баары тең мына ушул жерден башталды.

Каракчылар карапаны фонариги менен жарык кылышып, көпкөк татына бир нерсени көрүштү.

— Бриллиант,— деди каракчылардын улуусу үнүн корулдатып.

— Көк экен,— деди кичүүсү кубанычы койнуна батпай ыктытып.

А Терентий болсо секирип келип, улуу каракчынын мурдуна шап жабышты. Сакалы алынбаган каракчынын ээгинен секирип, кичүү каракчынын мурдуна жармашты.

Каракчылар тим эле ачуу чыңырып жиберишти.

Миша да жөн турбай каракчыларды тепкилеп калды. Анын үстүнө мурдагы план боюнча үнүн жоон чыгарып:

— Кармагыла! Уялбагыла! Байлагыла! — деп кыйкырып жатты.

Каракчылардын коркконун айтпа, сепилдин дубалынан секирип өтүшүп, алеки-саатта милиция бөлүмүнө жетип барышып, коркунучсуз жерде — темир тордун ичинде турушса да жан соогалап жатышты.

Каракчылар корккондо дайыма ушинтишет.

Ананчы! Мындай учурда каракчылардын ана башы-

нын да жүрөгү түшүп калмак. Секирип келип, мурунду жара тиштеген көк бриллиантты ким көрүптүр дейсиң.

Миша менен Терентий сирень бадалынын алдына олтуруп алышып, азыркы кырдаал жөнүндө ойлонуп олтурушту.

— Милиционер жолдош Марусинге барыш керек эле,— деди Миша.

— Эми болбой калды.— Терентий үшкүрүп койду.— Уктабай отуралык. Кенч менен ар кандай окуя болушу мүмкүн. Күн чыгаары менен милицияга чуркайбыз.

— Уйкуң келген жокпу? — деди Миша Терентийден.

— Жок. Сеникичи?

— Менин деле уйкум келген жок... Мен чо-оң сабизди көрүп турам...

— Мен быштакты көрүп турам... Мен азыр аны жейм...

Мындан бөлөк алар эчтеке деп сүйлөшкөн жок, бышылдап, анан эриндерин чопулдатып коюп олтура беришти.

## МИША МЕНЕН ТЕРЕНТИЙ КАЙДА КЕТИШТИ

Миша менен Терентий фотоаппараттардын чыртылдаган үндөрүнөн ойгонуп кетишти. Эртең мененки тамактарын ичип, тоюп келген туристтер сепилге кирип келишип, бирин-бири түрткүлөшүп, байыркы эстеликтерди көрмөккө жутуна башташты.

Миша менен Терентий милиционер жолдош Марусинге учуп жетип барышса, анын кабинетинде Попугаев Вовка олтуруптур.

— Сен эмне элдин жүрөгүн түшүрүп, мештин моруна башыңды салып алып өкүрөсүң — деп Марусин Вовканы суракка алып жатыптыр.

— Ал магнитофон... Анда эмне үчүн үйлөрдү буу

менен жылытып, мешти жакпай таштап коюшту. Алар эч ишсиз эле турушат.

— Кечирип коюңуздар,— дешти Миша менен Терентий.— Биздин өтө зарыл жашыруун жумушубуз бар эле.

Милиционер жолдош Марусин Вовканы эшикке чыгып, күтө туруусун өтүндү.

Вовка чыгып кетээри менен Миша менен Терентий болгон ишти баштан-аяк айтып беришти. Жолдош Марусинге каракчылардын күрөктөрүн, бычактарын, чиймесин беришти.

Милиционер жолдош Марусин колун артына алып, кабинеттин бул четинен тиги четине карай ары-бери баса кетти.

— Объектти дагы бир азыраак кайтара турууңарды өтүнөм. Жагдай ошону талап кылып жатат...

— Кечке чейин болсо да мейли!

Достор ошол замат кабинеттен атып чыгышты.

Алар сепилге жетип келишип, таштын топуракка көмүлүп калганын көрүштү. Таш жаткан жер чуңкур болуп калыптыр. Чуңкурдан Попугаев Вовканын башы чыгып турат.

— Ха-ха,— деди Попугаев Вовка.— Мен баарын угуп алдым. Азыр кенчти казып алам.

Миша менен Терентий ага өздөрүнүн нааразылыгын айтмак болушту эле, Вовка күрөктөп казып ыргытып жаткан топо алардын оозу-мурдуна кирип, үнчүгө да албай калышты.

— Ха-ха-ха! — деп каткырды Вовка.— Мында бирдеменин үнү чыгып калды. Мен ээледим! Баары тең меники.

Миша менен Терентий Вовка казып ыргытып жаткан топурак менен чуңкурду кайра көммөк болуп жатышты эле, аңгыча милиционер жолдош Марусин келип калды.

— Бери чык! — деп буюрду ал Попугаев Вовкага.— Сен эмне, биздин байыркы шаарыбыз Новгороддо башкы

архитектор академик Яминдин уруксатысыз жерди казууга болбой тургандыгын билбейсиңби. Бул кылыгың үчүн мен сени милициялык көз караш менен бир карап коёюн. Андан башка эчтекени тоготпостугуңду көрүп турам.

Анан милиционер жолдош Марусин бир топко Вовканы атайын милиционердик көз карашы менен айбаттуу карап турду.

Мындай көз караш чоң кишилерге да аябай таасир эте тургандыгын айтуу керек.

Адегенде Вовка коркконунан купкуу болуп кетти.

Анан уялганынан манаттай болуп кызарып чыкты.

Анан аргасы түгөнө саргая түштү.

— Кечирип коюңуз, экинчи минтпейм! Бүгүндөн тартып жаңы турмушту баштайм,— деп кыйкырды элдин алдында.

Тегеректе эл көп болчу. Энтигишкен археологдор, байыркы эстеликтерге кызыккан туристтер, жөн эле ойноп жүрүшкөн балдар-кыздар.

Миша менен Терентий Вовка казган чуңкурду карашты.

— Каракчылар жаңылышпаптырбы,— деп шыбырады Терентий.— Кадимки дасыккан каракчылар кай жерде эмне жаткандыгын жакшы билишет. Анын үстүнө чийме да эски экен...

Миша кыйкырып ийди:

— Биз ташты өз ордуна койгон эмес турбайбызбы! Шашып жүрүп такыр унутуп койгон экенбиз...

— Өз ордунда эң чоң кисти сайылып турган,— дешти алар милиционер жолдош Марусинге.

Кисти жакын эле жерде чөптүн арасынан сороюп көрүнүп турду. Анткени аны Терентий кызыл боёк менен чаңкайта боёп койгон.

Академик Ямин баш болгон археологдор кистини айланта тосмо коюшканда, милиционер жолдош Марусин туристтердин жүтүнбөй нараак турушун сураганда, Миша акырын гана:

— Эми биздин керегибиз деле жок го,— деди.

Терентий макул боло баш ийкеди:

— Мен да ошентип ойлоп турам!

Алар алысты карап туруп, анан чечкиндүү басып жөнөштү...

* * *

— А кенччи? Анда эмне бар экен? — деп сураарсың.

Анда эмне болмок эле. Кадимки эле кенч. Азыр ал музейде турат. Кааласаң, барып көрсөң болот.

Бирок, кеп анда эмес — ойлонуп көр.

Кептин баары талаанын ортосундагы дарбаза, дарбазадан кеткен, эч ким баспаган, кенен да эмес, тар да эмес, жалгыз жүрүүгө коркунучтуу жол тууралуу.

Академик Ямин өзүнүн кишилери, милиционер жолдош Марусин болушуп кенчти казып алышкан кезде, кулун Миша менен чычкан Терентий кайрадан ошол жолго түшүштү.

Мен сага байыркы шаар Новгороддо ар кандай укмуштар боло тургандыгын дагы бир жолу эскертип койгум келет.

## МАЗМУНУ

### КУЛУН МИША ЖӨНҮНДӨ

Миша кантип конфет таратты . . . . . . . . . . . 5
Миша сууга кантип түштү . . . . . . . . . . . . 6
Миша шаардан кантип чыгып кетти . . . . . . . . . 7
Мишанын көңүлү эмнеге калды . . . . . . . . . . 8
Миша кантип рекорд койду . . . . . . . . . . . . 8
Вовка Попугаев өзүн кантип боёп алды . . . . . . . . 10
Миша эмне үчүн өкүндү . . . . . . . . . . . . . 11
Миша кантип Миша Речкин болуп калды . . . . . . . 12

### ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ ЖӨНҮНДӨ

Терентий чыга турган жолду кантип таап алды . . . . . 17
Терентий Попугаев Вовка менен кантип таанышты . . . . 19
Терентий баш айлана турган бийиктикке кантип чыкты . . 20
Терентий кантип былк этпей отурду . . . . . . . . . . 21
Терентий учуп жүргөндөрдүн баарын кантип тартты . . . 23
Терентий кантип көк болуп калды . . . . . . . . . . 24
Терентий кантип дос күттү . . . . . . . . . . . . 25

### КУЛУН МИША ЖАНА ЧЫЧКАН ТЕРЕНТИЙ ЖӨНҮНДӨ

Миша менен Терентий бири-бирин кантип макташты . . . 29
Миша менен Терентий дарбазанын жанынан кантип жолугушту . . . . . . . . . . . . . . . . . . 30
Миша менен Терентий каракчыларды кантип көрүштү . . 31
Миша менен Терентий кантип уктабай олтурушту . . . . 32
Миша менен Терентий кайда кетишти . . . . . . . . . 34

*Радий Петрович Погодин*

**ПРО ЖЕРЕБЕНКА МИШУ И МЫШОНКА ТЕРЕНТИЯ**

*Сказка*

Для детей дошкольного возраста

*на киргизском языке*

Издательство «Мектеп»

Которгон *Эсентур Кылычев*
Редактору *Д. Сулайманов*
Сүрөт редактору *Б. Жайчыбеков*
Тех. редактору *Р. Мукамбетова*
Корректору *Р. Бектурова*

ИБ № 2906

Терүүгө 12.12.83. берилди. Басууга 02.02.84. кол коюлду. № 2 офсет кагазы. Кагаздын форматы $60\times90^1/_{16}$. Адабий ариби. Фото жолу менен терилди. Түстүү ыкма менен басылды. 2,5 физ. басма табак, 2,5 шарттуу басма табак, 1,634 учёттук басма табак, 10,25 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10000. Заказ № 2174 Баасы 15 т.

**«Мектеп» басмасы.**
**720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.**

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети.
Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

84 98 Р7
П 43

*Бөбөктөр үчүн*

**Погодин Радий Петрович.**

П —43 Кулун Миша жана Чычкан Терентий жөнүндө: жомок [Бөбөктөр үчүн] /Котор. Э. Кылычек.— Ф.: Мектеп, 1984.—40 бет.

Жазуучунун бул китепчесинде Миша аттуу Кулун жана Терентий деген чычкандын өз баштарынан өткөргөн кызыктуу окуялары жөнүндө баяндалат.

**4803010102—416** **Р 2**
**П———————————235.84** **ББК 84. 98 Р 7**
**М 452 (17) —84**

Коомдук башталышта рецензиялаган *М. Төлөмүшов*

© Издательство «Детская литература» 1978
© «Мектеп» басмасы, 1984-ж.
Кыргызча которулду.